КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

721500 Казарман айылы, Ж.Акимбаев көчөсү №81
тел:(03738) 5-02-50

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
КАРГАЛЫКСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

721500 с. Казарман, ул Ж.Акимбаева № 81
тел:(03738) 5-02-50

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезексиз XVII сессиясынын**
**Т О К Т О М У**

24 - апрель 2023 - жыл № 23 Казарман айылы

**“Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Чет-Булак айылына кетүүчү Долоно участкасы аркылуу 9 км автоунаа жолду Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин карамагына өткөрүү жөнүндө”**

Каргалык айылдык кеңешинин алдындагы “Өнөр жай, курулуш, транспорт, жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш, экология, архитектура боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасынын орун басары С.Мукашовдун маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык,

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезексиз XVII сессиясы**
**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Казарман- Ак-Мойнок автоунаа жолунун Долоно участкасы аркылуу Чет-Булак айылына кетүүчү 9 (км) чакырым автоунаа жолу 1986-жылы “Кыргызалтын” ачык акционердик коомунун балансасына өтүп, бүгүнкү күндө жолду тейлеп, эксплуатациялоо иштери жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу, Долоно участкасындагы түндүк-түштүк альтернативдик жолунан баштап, Чет-Булак айылына чейин кетүүчү автоунаа жолунун 9 (км) чакырымы Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин карамагына өткөрүлүп берилсин.
2. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн http://kargalyk.org.kg/ расмий веб-сайтына жарыялансын.
3. Бул токтомду аткаруу Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Артыкбаевге милдеттендирилсин.
4. Бул токтомду көзөмөлдөө “Өнөр жай, курулуш, транспорт, жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш, экология, архитектура боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Жээналиевге тапшырылсын.

**Каргалык айылдык Кеңешинин төрагасы: Т.И.Токтоболотов.**